КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

# ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 11- КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

**2025-жылдын 2-сентябрь № 65** **Оргочор айылы**

**Оргочор айыл аймагындагы массалык иш-чараларды өткөрүүчү жайларга иш убактысын жөнгө салуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 6-декабрындагы "Тынчтык жөнүндө" №194 Мыйзамынын талаптарын аткаруу максатында, Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 29-августундагы №02-28/437 чыгыш катынын негизинде аймакта Кыргыз Республикасынын "Тынчтык жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын аткаруу жана калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү боюнча жергиликтүү кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы А.Молдокматованын билдирүүсү угулуп жана талкууланып жергиликтүү кеңештин сессиясы **токтом кылат:**

1. Оргочор айыл аймагындагы массалык салтанаттуу иш- чараларды уюштурууда Кыргыз Республикасынын "Тынчтык жөнүндө" Мыйзамынын негизде жарандардын бейпилдиги жана тынчтыгы камсыз кылынсын.

2. Төмөнкү убакыт аралыгында баардык салтанаттуу иш-чараларды өткөрүү жайлар (кафе, ресторан), жеке адамдар тарабынан уюшулган тойлор, соода түйүндөрүнүн ишмердүүлүгү жана спорт аянтчаларынын иш убактысы түнкү 22-00дөн кийин үн басымын жана ызы-чуунун тасирлери менен белгиленген убакыттан ашууга жол берилбейт.

3. Укук бузуулардын алдан алуу максатында, адамдардын эс алуу учурунда тынчтыгын бузууга алып келген ызы-чуу, массалык салтанаттуу иш-чараларды өткөрүүчү жайлардын ишмердүүлүгүнүн узактыгын чектөө жана регламенттөөгө багытталган кошумча уюштуруучулук-укуктук чараларды кабыл алууну укук коргоо органдары менен биргеликте жүргүзүү айыл өкмөтүнүн башчысына тапшырылсын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жусуповго жүктөлсүн.

Төрага А.Тыныбеков